Кыргыз билим берүү академиясынын жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы Д 13.18.573 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын **Кулуева Фарида Шабданбековнанын «Колледждерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары»** деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча

# БҮТҮМҮ

**Эксперттик комиссиянын курамында**: комиссиянын төрайымы: педагогика илимдеринин доктору, профессор Асипова Н.А., комиссиянын мүчөлөрү: педагогика илимдеринин доктору, профессор Акиева Г.С., педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ибраев А.Д.

**Эксперттик комиссия төмөнкүлөрдү ырастайт:**

Кулуева Фарида Шабданбековна тарабынан сунушталган 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Колледждерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясы менен таанышып чыгып, төмөнкүдөй бүтүмгө келди:

**1. Диссертациянын мазмунунун адистикке дал келиши жана диссертациялык кеңеште коргоого укуктуулугу.**

Кулуева Фарида Шабданбековна тарабынан сунушталган 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Колледждерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары» деген темадагы кандидаттык диссертациясы Кыргыз билим берүү академиясынын жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо укугу берилген Д.13.18.573 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

Диссертацияда колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары жана технологиясы изилденген. Диссертация 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспорту менен дал келет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты**: колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

**Коюлган максатты ишке ашыруу үчүн диссертацияда төмөнкүдөй милдеттер каралган:**

1) Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун теориялык жана практикалык абалын аныктоо жана мүмкүнчүлүктөрүн тактоо.

2) Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутууну өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо жана методикалык моделин иштеп чыгуу.

3) МКТны кесипке багыттап окутуу технологиясын жана «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» дисциплинасы боюнча окуу методикалык комплексин түзүү жана аны окуу процессинде ишке ашыруу.

4) Педагогикалык шарттарды эксперимент аркылуу текшерүү жана анын жыйынтыктарын талдоо.

**Изилдөөнүн объектиси** жана **изилдөөнүн предмети** бири-бирине дал келет жана предмет 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык келет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**.

XXI кылымдагы адамзат коомунун ой тутумун, жашоо-тиричилигин, карым-катнаштарын түп тамырынан бери өзгөртүүгө дуушар кылган социалдык көрүнүштөрдүн эң негизгилери катары билим берүү тармагында жүрүп жаткан ар кандай технологиялык жаңылануулардарды айтсак болот. Мунун себеби бүгүнкү жаңы типтеги постиндустриалдык коом ар бир инсандан өзүн тек гана өндүрүш жана эмгек чөйрөсүндө мыкты адис катары көрсөтө билүүнүн жанында, руханий жактан терең, эң жогорку деңгээлдеги жаратуучулукту (креативдүүлүктү), коммуникабелдүүлүктү, технологиялык жактан компетенттүлүктү жана уюшкандыкты көрсөтө билген адам ресурстарына жана адистерге муктаж.

Бирок, кесиптик ишмердүүлүктү калыптандыруунун максаты, мазмуну, методдору жана каражаттары комплекстүү бүтүндүктө каралган атайын изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл болгону менен теориялык жана практикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, азыркы учурда педагогикалык практикада объективдүү түрдө кездешүүчү карама-каршылыктар дагы эле болсо арбын. Эң негизгиси тейлөө кесибине ээ болуучу студенттерди даярдай турган колледждердин окуу процессинде МКТны колдонууда тейлөө ишмердигинин өзгөчөлүтөрү жана мүмкүнчүлүктөрү жетишерлик деңгээлде эсепке алынган эмес. Жогоруда белгиленгендер каралып жаткан диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун далилдеп турат.

**3. Диссертациянын илимий натыйжалары.** Диссертациялык иште төмөнкүдөй жаңы илимий натыйжалар алынган жана алар кесиптик билим берүүчү колледждердин окутуу процессин илимий-методикалык жактан өркүндөтүүгө, жалпы педагогиканы жана билим берүүнүн технологияларын өнүктүрүүдө үчүн чоң мааниге ээ:

1-**натыйжа:** Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун теориялык жана практикалык абалы аныкталып, дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү такталган;

**2-натыйжа:** Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутууну өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып, анын методикалык модели иштелип чыккан;

**3-натыйжа:** Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун технологиясы жана «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» дисциплинасын билим берүүнү өркүндөтүү максатында атайын окуу методикалык комплекси түзүлгөн.

**4-натыйжа:** Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары иштелип чыгып, алардын натыйжалуулугу тажрыйбалык-эксперименталдык жол аркылуу текшерилген жана жыйынтыкталган.

**4. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын (илимий жоболордун) негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы.**

**1- жыйынтык:** Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун теориялык жана практикалык абалын аныктоо учурдагы билим берүү тармагына байланыштуу мамлекеттик нормативдик документтерди, илимий кайнактарды, орто кесиптик окуу жайлардагы техникалык жабдылыш шарттарын изилдөөгө жана изденүүчүнүн көп жылдык педагогикалык тажрыйбасына негизделип, «орто кесиптик окуу жайдагы технологиялык жактан багыттап окутуу» түшүнүгүнө ынанымдуу аныктама берилген.

**2-жыйынтык:** Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутууну өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары Кыргыз Республикасындагы орто кесиптик окуу жайлардагы техникалык шарттарын, ал жерде иштеген окутуучулардын технологиялык даярдык деңгээлин сурамжылоо жана атайын байкоолор, аңгемелешүүлөрдүн негизинде аныкталып, маалыматтык технологиялык жактан кесипке багыттап окутуунун методикалык модели иштелип чыккан жана ал өзүнүн иштиктүүлүгү менен башка изилдөөлөрдөн айырмаланып турат.

**3-жыйынтык**: Изденүүчү тарабынан «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» дисциплинасын билим берүүнү өркүндөтүү максатында атайын окуу методикалык комплекси түзүлүп, колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун технологиясы жана илимий жактан негизделген методикалык сунуштар, иштелмелер окуу процессине киргизилген жана натыйжаларынын практикада колдонулгандыгын тастыктаган акт аркылуу бекитилген.

**4-жыйынтык:** Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары иштелип чыгып, алардын натыйжалуулугу атайын тажрыйбалык-эксперимент аркылуу жана педагогикалык процессте текшерилип, аныктоочу жана калыптандыруучу эксперименттердин жыйынтыктары текшерүүчү эксперимент аркылуу салыштыруу менен алынган. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ар кандай деңгээлдеги жыйындарда, конференцияларда, семинарларда талкууланып жактырылган жана тиешелүү басылмаларда жарыяланып турган.

**5. Изденүүчүнүн диссертациясында формулировкаланган тыянактарынын жана корутундуларынын ар бир жыйынтыгынын жаңылык даражасы:**

**1-натыйжа**. Жаңы деп баалоого негиз бар, анткени Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайларында МКТны кесипке багыттап окутуунун теориялык жана практикалык абалы аныкталып, «орто кесиптик окуу жайдагы технологиялык жактан багыттап окутуу» түшүнүгүнө тактоо киргизилген.

**2-натыйжа**. Жаңы, колледждерде МКТны кесипке багыттап окутууну өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары иштелип чыгып, аларды ишке ашыруу модели ишелип чыгып, педагогикалык процессте ишке ашыруунун жолдору, формалары, методдору системалаштырылган, окутуучулардын компьютердик технология колдонууда билимдерди өздөштүрүүнү, билгичтикти жана көндүмдөрдү калыптандыруунун технологиялары сунушталган.

**3-натыйжа.** Салыштырмалуу жаңы деп баалоого болот, изденүүчү тарабынан «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» дисциплинасын билим берүүнү өркүндөтүү максатында атайын окуу методикалык комплекси түзүлүп, колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун технологиясы жана илимий-практикалык жактан тастыкталган.

**4-натыйжа.** Жаңы, колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугу атайын тажрыйбалык-эксперимент аркылуу жана педагогикалык процессте текшерилип, аныктоочу жана калыптандыруучу эксперименттердин жыйынтыктары аркылуу ынанымдуу чагылдырылып, педагогикалык сунуштар түрүндө берилген.

**6. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Ф.Ш. Кулуеванын «Колледждерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясын кесиптик билим берүүдөгү приоритеттердин бири катары кароого болот. Изилдөөнүн негизги бөлүктөрү бири-бири менен логикалык жактан тыгыз байланышта туруу менен изилдөөнүн милдеттерин чечүүгө багытталган. Алынган корутундулар, практикалык сунуштар теориялык жана методологиялык жоболор түрүндө таризделген, алар изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон жеке салымын көрсөтөт.

**7. Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.**

Ф.Ш. Кулуеванын кандидаттык диссертациясынын төмөнкү илимий жыйынтыктары колледждердин практикасына киргизилген:

• студенттердин кесиптик маселелерди камтыган, калыптандыруу максатын көздөгөн **«Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар»** окуу методикалык комплекси түзүлгөн;

• түзүлгөн комплекс окуучулардын таанып-билүү аракетин багыттоочу методдор менен камсыздалган жана студентердин кесиптик билимдерди өздөштүрүү деңгээлдеринин критерийлери иштелип чыккан, алар методикалык моделге ылайык иреттештирилген;

• иштелип чыккан окуу методикалык комплекси орто кесиптик окуу жайларында, кесиптик лицейлердин окутуучуларынын билимин өркүндөтүү, даярдоо жана кайра даярдоо курстарында, ошондой эле ар бир адистикке багытталган маселелер жыйнактарын түзүүдө колдонууга болот.

**Ф.Ш. Кулуеванын диссертациялык ишинин материалдарын колдонуу төмөнкүлөргө жол ачат:**

– темага байланыштуу илимий иштерди теориялык жактан талдоону байытууга;

– изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан «Кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологиялар» аттуу методикалык колдонмо комплекси учурдагы билим берүү процессин технологиялык жактан өркүндөтүүгө;

– колледждерде иштеген окутуучулардын МКТны колдонуу менен кесипке багыттап билим берүүдөгү тажрыйбасын арттырууга;

– болочок адистердин МКТны колдонуу боюнча кесипкөйлүүлүгүн арттырууга.

**Диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыгында төмөндөгүдөй оң натыйжалар алынган:**

а) диссертациялык изилдөөдө коюлган проблема боюнча психолого-педагогикалык, методикалык адабияттарды жана диссертациялык изилдөөлөрдү анализдеп, студенттерди кесипке багыттап окутууда МКТны колдонуу, кесиптик ишмердүүлүк, даярдоо түшүнүктөрүнүн мазмунун конкреттештештирилген. Колледждерде кесипке багыттап окутууда МКТны колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жана теориялык практикалык абалы аныктаган.

б) колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун кесипке жалпы педагоикалык шарттары белгиленип, андан тышкары үч педагогикалык шарт аныкталып, аны ишке ашыруу технологиялары иштелип чыккан. Ошону менен бирге методикалык модели түзүлүп, теориялык жактан негизделип, ыкмалары талданган.

**8. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана тыянактарын жарыялоону тастыктоо.**

Диссертациянын мазмуну толук бойдон автордун төмөнкү эмгектеринде жарыяланган:

1. Кулуева, Ф.Ш. Практикум по информационным технологиям в профессиональной деятельности [Текст]:Методическое указание / Ф.Ш. Кулуева, М.О. Аманалиева. – Бишкек, КЭУ, 2010. -24 с.

2. Кулуева, Ф.Ш. УМК по дисциплине «Информационные технологии в туризме» [Текст]: / Ф.Ш. Кулуева. – Бишкек, 2016. -145 с.

3. Кулуева, Ф.Ш. Методические указания и задания к практическим заданиям по дисциплине «Информационные технологии в профессиональной деятельности» Текст]: / Ф.Ш. Кулуева, Д.И.Тонуева, Э.Р.Абралиев. – Бишкек, КЭУ, 2016. - 56 с..

4. Кулуева, Ф.Ш. Информатика жана кесиптик предметтерди интеграциялап окутуу технологияларынын айрым аспектилери [Текст] / Ф.Ш. Кулуева. // КББАнын кабарлары. – Бишкек, 2012. -№4. 50-53-бб.

5. Кулуева, Ф.Ш. Орто кесиптик окуу жайларында информатика курсу менен кесиптик предметтерди интеграциялап окутуунун технологиялары [Текст] / Ф.Ш. Кулуева // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2012. -№7. - 271-274-бб.

6. Кулуева, Ф.Ш. Тейлөө кесибинде окуган студенттерди даярдоодогу МКТны кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонууга окутуунун азыркы абалы [Текст]/ Ф.Ш. Кулуева // Вестник КЭУ. – Бишкек, 2013. -№4 (27).- 261-264- бб.

7. Кулуева, Ф.Ш. Применение современных информационных систем управления обучением в подготовке специалистов по геоинформатике [Текст] / А.У.Чымыров,Ф.Ш.Кулуева // Вестник Тадж.госуд. педаг. университета им. С.Айни. – Душанбе, 2013. - №3, - С. 316-324.

8. Кулуева Ф.Ш. Implementation of GIS education in colleges of Kyrgyzstan [Текст]/ Akylbek Chymyrov Farida Kulueva, Alfia Zhaparkulova // GISCA'13.,Сборник материалов 7- Центрально-Азиатской ГИС Конференции. – Алматы, 2013. – С. 28-33.

9. Кулуева, Ф.Ш. Колледждин предмет окутуучуларын МКТны окутуу процессине колдонууга даярдоо [Текст] / Ф.Ш.Кулуева // С.Н Наматов атындагы НМУ, Билим берүүнүн заманбап проблемалалары, Макалалар жыйнагы, 1-чыгар. – Нарын, 2013.- 68-72-бб.

10. Кулуева, Ф.Ш. Колледждерде студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо МКТны колдонуп окутуунун мааниси [Текст] / Ф.Ш. Кулуева // Известия вузов. – Бишкек, 2013.-№5. –229-232-бб.

11. Кулуева, Ф.Ш. Информационные технологии в обучении студентов туристических специальностей. / U.Mambetakunov, Farida Kulueva // Materials of the IV international scientific conference, on January 15–16. – Prague, 2014. – С.160-165.

12. Кулуева, Ф.Ш. Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуу [Текст] / У.Э. Мамбетакунов, Ф.Ш. Кулуева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. – Бишкек, 2014, - 110-115-бб.

13. Кулуева, Ф.Ш. Колледжеги туризм адистигине МКТны окутуу технологиясы [Текст] /Ф.Ш. Кулуева//. Вестник КГУ им. Арабаева. спец. выпуск. – Бишкек, 2014. 40-43-бб.15.

Кулуева, Ф.Ш. Использование информационных и коммуникационных технологий в обучении студентов колледжей [Текст] / Ф.Ш. Кулуева// Вестник КазНУ имени Аль-Фараби. – Алматы, 2015. -№1. – С. 344-350.

14. Кулуева, Ф.Ш. Туризм адистигинде окуган студенттердин маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруу [Текст] / Ф.Ш. Кулуева // КББАнын кабарлары. – Бишкек, 2015.-№4. -112-117-бб.

15. Кулуева, Ф.Ш. Формирование информационной компетенции будущих специалистов со средним профессиональным образованием [Текст] / Ф.Ш. Кулуева // Проблемы современной науки и образования, изд-во Олимп, РФ. – Иваново, 2016. №29. – С. 80-83.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Изденүүчү Ф.Ш.Кулуеванын диссертациясынын автореферaты диссертациянын мазмунуна толук дал келет. Авторефератта диссертациянын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелери бирдей жазылган.

**10. Жетектөөчү мекеме менен расмий оппоненттерди сунуштоонун негиздүүлүгү.**

Жетектөөчү мекеме катары **Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин «Педагогика»** бөлүмү сунушталат. Себеби бул университетте билим берүү системасын жакшы билген, 13.00.01- педагогика, жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча көрүнүктүү адистер: п.и.д. профессор А. Алимбеков, п.и.д. профессор Н. Ишекеев, п.и.д. А.К. Чалданбаева, п.и. к. доцент М. Мырзаев, ага окутуучу К. Бообекова иштешет.

**Биринчи расмий оппонент** катары педагогика илимдеринин доктору, профессор. м.а. Наркозиев А.К. (13.00.01);

Наркозиев А.К. диссертациялык иштин темасына байланыштуу төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. **Наркозиев, А.К**. Теоретические основы компетентностного подхода при проектировании образовательных программ по кредитной технологии [Текст]: автореф. дис. … д–ра пед. наук: 13.00.01 / А.К. Наркозиев. –Бишкек, 2011. –37, [3] с.
2. **Наркозиев, А.К**. Методика преподавания юридических дисциплин в ВУЗе: проблемы и перспективы [Текст]:. Вестник МУК. –Бишкек, 2016. №2, (30). – С.137-141.
3. **Наркозиев, А.К**. Проектирования образовательно-профессиональных программ в вузе на основе компетентностного подхода по кредитной технологии [Текст]: монография /А.К. Наркозиев. –Б.: Илим, 2009. – 264 с.

**Экинчи оппонент** катары педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ибраев А.Д.(13.00.01). Эмгектери:

1. **Ибраев, А.Д**. Жогорку окуу жайларында информатика предмети боюнча электрондук окутуу каражаттарын практикалык сабакта колдонуу ыкмалары [Текст] / А.Д. Ибраев. // Вестник КАУ им. К.И. Скрябина. – 2005. – №1 (4). – С. 195-197.
2. **Ибраев, А.Д**. Жаңы маалыматтык технологияларын пайдалануу

шартында электрондук окуу каражаттарын иштеп чыгуу жана пайдалануу технологиясы [Текст] / А.Д. Ибраев. // Вестник КАУ им К.И. Скрябина. – 2008. – №1 (9) . – С.375-377.

3. **Ибраев, А.Д.** Билим берүүдө компьютердик жана телекоммуникациялык технологияларды колдонуунун өнүгүүсү [Текст] / А.Д. Ибраев. // Социальные и гуманитарные науки. – 2009. – №5-6. – С.229-231.

4. **Ибраев, А.Д**. Кыргызстандын айрым жогорку окуу жайларындагы студенттердин өз алдынча иштеринин жүрүшүндө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун абалы [Текст] / А.Д. Ибраев. // Известия Вузов. – 2009. – №7. – С. 277-279.

Ф.Ш Кулуеванын диссертациялык кеңешке тапшырган документтерин карап чыгып, эксперттик комиссия Кулуева Фарида Шабданбековна тарабынан сунушталган 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча **«Колледждерде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары»** деген темадагы диссертациясын Кыргыз билим берүү академиясынын жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы Д 13.18.573 диссертациялык кеңешке коргоо үчүн сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын төрайымы,**
**педагогика илимдеринин**
**доктору, профессор** **Асипова А.Н.**

**Комиссиянын мүчөлөрү:**
**педагогика илимдеринин**
**доктору, профессор** **Акиева Г.С.**

**педагогика илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **Ибраев А.Д.**

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн колун тастыктайм:
**Диссерациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**п.и.д., проф.** **Калдыбаева А.Т.**